| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ОСМОНКУЛОВ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**ОСМОНКУЛОВСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЯ

**2022-жылдын 10-октябры №** 16 **Талды-Булак айылы**

**“Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо жөнүндө”**

Кыргыз Республикасыныы Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы “Элдик курултайды чакыруу жөнүндө” №284 сандуу жарлыгын карап жана талкуулап Осмонкулов айылдык кеңеши **токтом кылам:**

1. Осмонкулов айылдык аймагында элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултай өткөрүлсүн.
2. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын жыйындары 2022-жылдын 20-октябрынан башталсын жана өткөрүү орду Осмонкулов айыл өкмөтүнүн С. Ибраимов атындагы маданият үйүнүн залы аныкталсын.
3. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын жалпы чогулушунан жалпы жобого ылайык 40 делегат бекитилсин. (Талды-Булак оң тарабы 15, Талды-Булак тескей тарабы 15, Ак-Коргон айылынан 10)
4. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын жалпы чогулуштарынын графиги 2022-жылдын 20-октябрынан 27-октябрына чейин бекитилсин.
5. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссиялар түзүлүп, курамы 9 адам деп бекитилсин.
6. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссияларына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Джумаев**